**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ**
**АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2022-жылдын 13-октябры №55** **Кара-Суу айылы**

**Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн интенсивдүү бакчасын тигүү долбоору жөнүндө**

Кара-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Касымбековдун Кара-Суу айылынын Кайырма каналынын үстү жагынан 1 га кайракы жерге алмурут, кара өрүк, малина, чычырканак сыяктуу мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн интенсивдүү бакчасын тигүү аркылуу экологиялык жактан жана ден-соолукка пайдалуу продукцияларды өстүрүү жөнүндөгү долбоорун угуп жана талкуулап, Эл депутаттарынын Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 23-сессиясы **токтом кылат:**

1.Кара-Суу айылынын Кайырма каналынын үстү жагындагы №1147 контурунда жайгашкан 1 га кайракы жерге алмурут, кара өрүк, малина, чычырканак сыяктуу мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн интенсивдүү бакчасын тигүү аркылуу экологиялык жактан жана ден-соолукка пайдалуу продукцияларды өстүрүү жөнүндөгү долбоор колдоо тапты.

2.Алмурут, кара өрүк, малина, чычырканак сыяктуу мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн интенсивдүү бакчасын тигүү үчүн керектүү акча каражаты Талас райондук өнүктүрүү фондусунан суралсын.

3.Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы долбоор даярдоо жагы Кара-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Касымбековго жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Самсиев**